**Жеке адамдар үчүн "Капитал" депозитинин паспорту**

| Продукт категориясы: | Жеке адамдар үчүн мөөнөттүү депозит |
|---|---|
| **Артыкчылыктары** | Бул, аманаттын негизги суммасына ай сайын чегерилип туруучу пайыздарды капиталдаштыруу аркылуу толукталып туруучу депозит. Пайыздар депозит мөөнөтүнүн акырында төлөнүп берилет. |
| **Продукттун өзгөчөлүгү** | депозиттен бөлүп алууга мүмкүн эмес, бирок келишим мөөнөтү бүткөнгө чейинки 30 - 120 күндөн кечиктирбестен аны толуктап туруу шарты каралган. |
| **Депозиттин валютасы** | KGS; USD; EUR; RUB; CNY; KZT |
| **Минималдуу өлчөм** | 5 000 KGS/RUB, 100 USD/EUR, 1000 CNY, 50 000 KZT |
| **Салымдын кошумча өлчөмү** | Минималдуу өлчөм - 1 000 KGS/RUB; 20 USD/EUR; 200 CNY; 10 000 KZT<br>Ал эми депозит колдонулган бүтүндөй мезгил ичинде максималдуу сумма 10 эсе көбөйтүлгөн өлчөмдөгү баштапкы төлөм суммасынан ашпоого тийиш. |
| **Узартуу** | Эгерде келишимде көрсөтүлгөн мөөнөттүн бүтүшү боюнча депозит талап кылынбаса, келишим узартылбаган (пролонгацяиланбаган) катары эсептелинет жана аманат суммасы жана ага чегерилген пайыздар аманат салдуучунун банкта ачылган талап кылуу менен төлөнүүчү эсебинде сакталат. |
| **Мөөнөтүнөн мурда токтотуу** | Депозитти мөөнөтүнөн мурда токтотууда ага кошуп эсептелинген пайыздар төлөнүп берилбейт. Чегерилген жана капиталдаштырылган пайыздар депозит суммасынын кармалып калат. Депозитти күрөөгө сунуштоо алдында овердрафт тариздетилген шартта овердрафт суммасы толук төлөнгөндөн кийин гана депозитти мөөнөтүнөн мурда токтотууга жол берилет. |
| **Кошумча шарттар** | Салынган депозит суммасына пайыздар депозит банкка келип түшкөндөн кийинки күндөн тартып чегериле баштайт жана келишим мөөнөтү бүткөнгө чейинки күнү аяктайт. Депозиттик эсептер боюнча пайыздарды чегерүү жана аларды төлөө келишимде көрсөтүлгөн тартипте жана анда белгиленген мөөнөттөрдө ишке ашырылат. Келишимде башкасы каралбаса, пайыздарды эсептөөдө жыл ичи 360 күнгө, ал эми ай аралыгы 30 күнгө барабар эске алынат. Банк тарабынан депозит суммасы келишим мөөнөтү бүткөндөн кийинки күнү кайтарылып берилет.<br>Кардар 12 ай же андан аркы мөөнөткө депозит ачкан шартта, ал өз ыңгайына жараша овердрафты да тариздетиши мүмкүн ("депозитти күрөөгө коюу алдында овердрафты тариздетүү" продуктысынын паспортун кароо зарыл). Шарттары: депозит салуучу банктын тарифтерине ылайык өз тандоосу боюнча төлөм картын ачып, картка овердрафт ыгайлуулугунан пайдалануу мүмкүнчүлүгүнө ээ болот. Суммасы 100 000 АКШ долларын же анын башка валютадагы эквиваленти суммасындагы депозиттерди кабыл алууда анын шарттары банк тарабынан өз алдынча каралат. Депозитке SWIFT системасы боюнча чет өлкө валютасында акча каражаты келип түшкөн шартта (баштапкы сумма, толуктоо суммасы) депозитти мөөнөтүнөн мурда токтотууда операция ишке ашырылган күнгө карата банктын колдонуудагы тарифине ылайык нак акчага айландыруу үчүн комиссиялык төлөм кармалат. Депозит мөөнөтү бүткөндөн кийин акча каражаттарын алган учурда комиссиялык төлөм кармалбайт. Салынган депозит Кыргыз Республикасынын 2008-жылдын 7-майында кабыл алынган №78 "Банктык аманаттарды (депозиттерди) коргоо жөнүндө" мыйзамда белгиленген тартипте, өлчөмдө жана шарттарда камсыздандырылууга тийиш. |
| **Депозит салууда талап кылынган документтер** | Паспорт, эсеп ачууга өтүнүч кат, кардар-жеке адамдын анкетасы, келишим. Резидент эместер үчүн – белгиленген документтер тизмегине ылайык документтер талап кылынат. |

№3 таблица. «Капитал» депозити боюнча пайыздык чендер

| Мөөнөтү | Мөөнөтү бүткөнгө чейин толуктоо | KGS (жылдык %) | USD (жылдык %) | EUR (жылдык %) | RUB (жылдык %) | CNY* (жылдык %) | KZT (жылдык %) |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **3 айга** | 30 күнгө | 3,5% | 0,5% | 0,5% | 3,5% | 1,0% | 2,5% |
| **6 айга** | 60 күнгө | 6,5% | 1,5% | 1,0% | 4,5% | 1,5% | 3,5% |
| **9 айга** | 60 күнгө | 7,5% | 2,5% | 2,0% | 5,5% | 2,0% | 4,5% |
| **12 айга** | 60 күнгө | 9,5% | 3,0% | 2,5% | 6,5% | 2,5% | 5,5% |
| **18 айга** | 90 күнгө | 10,5% | 3,5% | 2,5% | 7,5% | 3,0% | 6,5% |
| **24 айга** | 120 күнгө | 11,0% | 4,0% | 2,5% | 8,5% | 3,5% | 7,5% |